| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

**СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН**
**29-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ-ОТУРУМУ**

# ТОКТОМ № 52

**2025-жылдын 13 - июнь** **Мраморное айылы**

## “Айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү үчүн келишимин түзүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө” мыйзамына “Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө”. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы №715 токтомуна ылайык, Сүймөнкул Чокморов айыл аймагында калкты каттоо боюнча айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү үчүн келишимин түзүү максатында Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүймөнкул Чокморов айыл аймагында калкты каттоо боюнча айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү үчүн түзүлгөн келишими бекитилсин;

2. Токтомдун аткарылышы жана тийиштүү иш кагаздары (келишим) “Кызмат” мамлекеттик мекемесине жөнөтүү жагы Сүймөнкул Чокморов айыл өкмөтүнө жүктөлсүн;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Социалдык суроолор (аярлуу катмарлар менен иш алып баруу), билим берүү, саламаттык сактоо, дене тарбия, жаштар саясаты, экология жана укуктук тартип боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын;

**Төрага** **М.А.Акматказиев**